Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын Уставын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 87-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13,17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын Уставы тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлерлигине караштуу "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын уставын бекитүү жөнүндө" 2020-жылдын 1-декабрындагы №585 токтому.

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Кыргыз Республикасында жарандык авиацияны башкаруу системасын өркүндөтүү жөнүндө" 2022-жылдын 12-июлундагы № 381 токтомунун 5-пункту.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А.Касымалиев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине
караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин
директору ________________________________________ Д.К. Бостонов ___________________ 2026-ж.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын Уставын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максаты жана милдети**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоорунун максаты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын Уставын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-декабрындагы № 831 токтомуна шайкеш келтирүү болуп саналат.

Токтом долбоордун негизги милдети Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын укуктук статусун, иш предметин жана максаттарын, ошондой эле анын мүлкүн жана финансылык-чарбалык ишин башкаруу тартибин аныктоо болуп саналат.

**2. Баяндоо бөлүгү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын Уставынын жаңы редакциясын бекитүү зарылчылыгы өлкөдөгү мамлекеттик ишканалардын ишин жөнгө салуучу ченемдик базаны комплекстүү модернизациялоо, ошондой эле башкарууга жана отчеттуулукка болгон талаптарды актуалдаштыруу менен шартталган. Киргизилип жаткан өзгөртүүлөр ишкананын укуктук статусун, максаттарын жана иш предмети, уюштуруу түзүмү, мүлктү башкаруу тартиби жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүгү сыяктуу ишкананын иштешинин негизги аспектилерине тиешелүү. Уставдын жаңы редакциясы ишкананын ишинин корпоративдик башкаруунун заманбап стандарттарына жана мамлекеттик ишканалар жөнүндө мыйзамдардын талаптарына шайкеш келишин камсыз кылууга, башкаруу органдарынын түзүмүн тактоого, стратегиялык жана финансылык пландарды түзүү жана бекитүү маселелерин кошуп алганда, жетекчиликтин ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин аныктоого мүмкүндүк берет. Уставда ишкананын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу, материалдык-техникалык базасын модернизациялоо жана көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жогорулатуу үчүн ишкананын пайдасын жана башка кирешелерин максаттуу пайдалануу механизмдери бекитилет, отчеттуулуктун ачык-айкын жана иреттүү мөөнөттөрү жана формалары белгиленет, бул ишкананын ишине контролдуктун натыйжалуулугун жогорулатууга жана мамлекеттин, өнөктөштөрдүн жана коомчулуктун ишенимин бекемдөөгө

мүмкүндүк берет. Токтом долбоорун кабыл алуу жаңы технологияларды киргизүү жана аэронавигациялык тейлөөнүн коопсуздугун жогорулатуу үчүн укуктук негиз түзөт, анын ичинде ИКАОнун эл аралык стандарттарына жана дүйнөлүк мыкты тажрыйбаларга шайкештикти камсыз кылат. Бул ресурстарды рационалдуу пайдаланууга, каражаттардын максатсыз сарпталышын алдын алууга жана мүмкүн болгон башкаруу тобокелдиктерин азайтууга көмөктөшөт, ишкананын юридикалык жана уюштуруучулук туруктуулугун, Кыргыз Республикасындагы жарандык авиациянын инфраструктурасын өнүктүрүүнү, учуулардын коопсуздугун жана навигациялык тейлөөнүн натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылат, бул узак мөөнөттүү келечекте өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө жана көрсөтүлүүчү авиациялык кызматтардын сапатын жакшыртууга оң таасирин тийгизет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин  бул токтом долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бул токтом долбоору уюштуруу-тескөөчү акт болуп саналат жана жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тиешелүү эмес, ошондуктан коомдук талкууга жатпайт.

Ошону менен бирге, долбоор министрликтерге жана ведомстволорго макулдашууга жөнөтүлгөн, анын жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинен келип түшкөн сунуштар эске алынган.

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин сунуштары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-декабрындагы № 831 «Мамлекеттик ишканалардын ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» токтомуна ылайык эске алынган жок, ага ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген Мамлекеттик ишканалар жөнүндө жобонун ченемдери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасына жайылтылбайт.

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин сунуштары уставдын долбоорунда баяндалган долбоорлоо, куруу, ондоо, реконструкциялоо, реставрациялоо

жана объекттерди, имараттарды жана курулмаларды пайдалануу боюнча функциялар азыркы уставда бар болгондугуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы «Кыргызаэронавигация» мамлекеттик ишканасынын уставдык максаттарын жана өндүрүштүк ишмердүүлүгүн камсыз кылууга гана багытталгандыгына байланыштуу эске алынган жок. Көрсөтүлгөн ыйгарым укуктар аэронавигациялык инфраструктура объекттерине жана аба кыймылын уюштуруу жана камсыз кылуу боюнча функцияларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка объекттерге карата ишке ашырылат жана үчүнчү жактардын кызыкчылыгы үчүн курулуш иштерин жүргүзүүнү же башка мамлекеттик органдардын каражаттарынын эсебинен каржыланган объекттер боюнча бирдиктүү заказчынын функцияларын ишке ашырууну болжолдобойт.

Ошентип, бул функцияларды Уставдын долбоорунда бекитүү камсыз кылуучу (көмөкчү) мүнөзгө ээ, курулуш ишмердүүлүгүнүн өз алдынча түрүн түзбөйт жана Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинин карамагында турган адистештирилген уюмдун, анын ичинде «Кыргызкурулуш» мамлекеттик ишканасынын функцияларын кайталоого алып келбейт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Бул сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Материалдык-техникалык базаны модернизациялоо жана кеңейтүү өздүк каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөндүктөн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Регулятивдик таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ал ишкердик ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган эмес, мамлекеттик ишкананын ички уюштурулушуна тиешелүү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Жарандык авиация мамлекеттик**
**агенттигинин директору** **Д.К. Бостонов**

Долбоор

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасынын**
**УСТАВЫ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасы (мындан ары - Ишкана) Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдаланууну уюштурууда мамлекеттин функциясын аткаруучу, Кыргыз Республикасында аэронавигациялык тейлөөнүн жөнөтүүчүлөрү болуп саналат. Ишкана мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүү укугуна негизделген, мамлекеттик ишкананын уюштуруу-укуктук формасында түзүлгөн өз алдынча юридикалык жак болуп саналат.

2. Ишкана өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Аба кодексин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укук актыларын, Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Уставды жетекчиликке алат.

3. Ишкананын уюштуруучу документи болуп Устав саналат. Ишкананы уюштуруучу болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети саналат.

4. Ишкананын мамлекеттик башкаруу органы болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги (мындан ары - Мамлекеттик агенттик) эсептелет.

5. Ишкананын өзүнүн фирмалык аталышы бар:

- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызаэронавигация" мамлекеттик ишканасы";

- расмий тилде: "Государственное предприятие "Кыргызаэронавигация" при Государственном агентстве гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики".

Кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Кыргызаэронавигация" МИ;

- расмий тилде: ГП "Кыргызаэронавигация".

6. Ишкананын мүлкү жана пайдасы мамлекеттин менчиги болуп саналат. Ишкана толук чарбалык эсеп жана өзүн-өзү каржылоо принцибинде иштейт, чарбалык келишимдерди түзүүгө, бүтүмдөрдү жасоого, мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болууга жана мамлекеттик ишканалардын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында каралган милдеттерди аткарууга, сот органдарында доогер жана жоопкер катары чыгууга укуктуу.

7. Ишкана Кыргыз Республикасынын банктарында белгиленген тартипте алыш-бериш жана башка эсептерди, анын ичинде валюталык эсептерди ачууга укуктуу.

8. Ишкананын мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү, штамптары, белгиленген үлгүдөгү бланктары жана башка атрибутикалары бар.

9. Ишкана мамлекеттин милдеттенмелери боюнча өзүнө кепилдик (гарантия) алган учурлардан тышкары, Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерине жооп бербейт.

10. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Ишкананын кирешесинин бөлүгүн алууга укуктуу.

11. Ишкананын Ош филиалы бар, ал ишкананын башкы директору тарабынан бекитилген Ош филиалы жөнүндө жобонун негизинде иштейт, дареги: Кыргыз Республикасы, 723506, Ош шаары., "Ош" эл аралык аэропорту.

Ишкана өзүнүн филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн иштери үчүн толук жоопкерчилик тартат.

12. Юридикалык дареги: 720062, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, "Манас" аэропорту.

13. Ишкана аба кыймылын аэронавигациялык тейлөөнү (АНТ) ишке ашырат.

## 2. Ишкананын максаттары, милдеттери жана функциялары

14. Ишкананын ишинин негизги максаттары Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин мамлекеттин жана аба мейкиндигинин бардык пайдалануучуларынын кызыкчылыгында коопсуз, натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланууну камсыз кылуу болуп саналат.

15. Ишкананын негизги милдеттери ушул Уставда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү жана функцияларды аткаруу болуп саналат.

16. Ишкананын негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- аба кыймылын тейлөө;
- аэронавигациялык маалыматтарды берүү;
- учууларды метеорологиялык камсыз кылуу;
- учууларды радиотехникалык камсыз кылуу;

- Кыргыз Республикасынын жарандык авиация чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдары жана Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен биргеликте аба мейкиндигинде тыюу салууларды жана чектөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдалануу же учуу өндүрүшүнүн тартибин белгилөө, ошондой эле аба мейкиндигин пайдалануучуларга ушул чектөөлөр жана тыюу салуулар тууралуу өз убагында маалымдоо;

- коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга учуу өндүрүшүнүн белгиленген тартибин бузууларды алдын алууга көмөк көрсөтүү;

- Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдалануу жана аба кыймылын тейлөө маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын аскердик жана тийиштүү органдары менен өз ара аракеттенүү;

- жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды аткарууга катышуу;

- издөө-куткаруу кызматтарынын жардамына муктаж тийиштүү уюмдарга аба кемелери жөнүндө кабарлоо жана мындай уюмдарга зарыл болгон көмөк көрсөтүү;

- чектеш мамлекеттердин аба кыймылын тейлөөчү ыйгарым укуктуу органдары менен авиациялык кырсыктарды жана жаңжалдарды, аба мейкиндигин пайдалануу тартибин бузууларды изилдөөгө катышуу;

- белгиленген чек арада аба мейкиндигинин түзүмүн жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана чектеш мамлекеттердин аскердик жана аба кыймылын тейлөөчү ыйгарым укуктуу органдары менен бул жаатта өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

- аба кыймылын тейлөө жаатындагы жана Ишкананын компетенциясына кирген башка жааттардагы ченемдик укуктук актылардын долбоорун иштеп чыгуу боюнча сунуштарды Мамлекеттик агенттикке киргизүү;

- аба мейкиндигин пайдалануу тартибин, ошондой эле аба кыймылын тейлөө, навигация, конуу жана байланыш каражаттарынын иштен чыгышын эсепке алуу;

- аба кыймылынын коопсуздук абалын жана аба мейкиндигин пайдалануу тартибин бузууларды талдоо, аба кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана аткарылышын уюштуруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик органдарына мындай бузуулар тууралуу маалымат берүү;

- Кыргыз Республикасынын учуу коопсуздугун камсыздоо максатында аба кыймылын аэронавигациялык тейлөө системасынын тийиштүү деңгээлде жана үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу;

- Ишкананын функциялык ишин техникалык камсыздоо үчүн колдонулуучу радиотехникалык, радиолокациялык, радионавигациялык,

метеорологиялык жабдууларды, электр байланышын жана башка жабдууларды эксплуатациялоо;

- Кыргыз Республикасынын аймактарындагы жана аэропортторундагы учууларды радиотехникалык камсыздоо каражаттарына жана метеорологиялык жабдууларга сыноолорду, тестирлөөлөрдү жана текшерүүнүн башка түрлөрүн жүргүзүүнү пландаштыруу жана уюштуруу;

- аба кыймылын тейлөө (АКТ) каттамдарынын кыдырып учууларын, ошондой эле учууларды радиотехникалык камсыздоо каражаттарын учуп текшерүүнү уюштуруу, пландаштыруу жана жүзөгө ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине жана башка ченемдик актыларына ылайык Ишкананын карамагындагы объекттерди жана жабдууларды эксплуатациялоонун ишенимдүүлүгүн, коопсуздугун камсыз кылуу;

- Ишкананын объекттерин, имараттарын жана курулмаларын долбоорлоо, куруу, оңдоо, реконструкциялоо, калыбына келтирүү жана эксплуатациялоо;

- объекттерди, имараттарды, курулмаларды жана технологиялык жабдууларды материалдык-техникалык камсыздоону уюштуруу;

- Ишкананын функцияларына ылайык ведомстволук байланышты камсыздоо боюнча функцияларды аткаруу;

- келишимдин негизинде Ишкананын ведомстволук бөлүмү болбогон аба кыймылын тейлөөчү органдарга, жарандык аэродромдордун метеокызматтарына жана башка уюмдарга климатологиялык маалыматтарды берүү жана методикалык башкаруу;

- Ишкананын адистеринин квалификацияларын, жеке окуусун жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо;

- Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясында учууларды медициналык камсыздоо;

- Ишкананын кызматкерлерине, келишимдик негизде жарандык авиация уюмдарынын кызматкерлерине, кайрылуулар боюнча калкка квалификациялык медициналык жардам көрсөтүү жана оорулардын алдын алуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

- Ишкананын кызматкерлеринин аскердик эсебин жүргүзүү, ошондой эле жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

- координациялык борборлордон жана КОСПАС-САРСАТ системасынан (өзгөчө кырдаалдар жөнүндө ыкчам билдирүү жана кырсык болгон жердин географиялык координаттарын аныктоо үчүн багытталган издөөнүн жана куткаруунун эл аралык спутниктик системасы) маалыматтарды кабыл алуу жана иштеп чыгуу, бул маалыматтарды Кыргыз Республикасынын издөө-куткаруу органдарына (кызматтарына), жарандык авиация органдарына жана аба кыймылын тейлөөчү органдарына, ошондой эле аба кемесин пайдалануучуга (менчик ээсине) берет;

- юридикалык жана жеке жактардан – учкучсуз учуучу аппараттарын пайдалануучулардан, аба мейкиндигин пайдаланууга өтүнмөлөрдү кабыл алуу жана иштетүү, жарандык авиация органы жана аба кыймылын тейлөө боюнча Башкы борбордук аскердик сектору менен макулдашуу боюнча учууга уруксаттарды тариздөө жана берүү, уруксаттардын шарттарынын сакталышын көзөмөлдөө, кызыкдар ведомстволор менен өз ара иштешүү, өтунмөлөрдү эсепке алуу жана учуу коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү;

- авиация адистерин кошумча кесиптик даярдоо, кайра даярдоо, квалификациясын жогорулатуу жана колдоо жаатындагы квалификациялык билим берүү кызматтарын көрсөтүү;

- аэрофотосүрөткө тартуу;

- аба трассаларын учуп өтүү, учуу схемаларын учуп текшерүү;

- жердин санариптик моделин түзүү боюнча иштерди жүргүзүү;

- башка коммерциялык кызматтар;

- Ишкананы башкаруу методдорун өркүндөтүү.

## 3. Ишкананын укуктары жана милдеттери

17. Ишкана ушул Уставда аныкталган милдеттерди жана функцияларды ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык зарыл болгон товарларды сатып алууга, иштерди аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө;

- коммерциялык уюмдар үчүн товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын рынок конъюнктурасына жараша өз алдынча аныктоого;

- өз функцияларын ишке ашыруу үчүн эл аралык финансылык жана башка уюмдардын гранттарын жана каражаттарын тартууга;

- обочолонгон мүлккө ээ болууга, өзүнүн атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарды, материалдык жана материалдык эмес активдерди алууга жана милдеттерди аткарууга, соттордо доогер жана жоопкер болууга;

- юридикалык жана жеке жактар менен келишимдерди түзүүгө;

- эмгек келишимдеринин, мөөнөттүү эмгек келишимдеринин жана башка жарандык-укуктук келишимдердин негизинде ишкананын иштерин аткаруу үчүн белгиленген тартипте жеке жактарды тартууга;

- Ишкананын кызматкерлерин командировкаларга, анын ичинде чет өлкөлөргө, ошондой эле зарыл болгон учурда эл аралык конференцияларга, семинарларга, көргөзмөлөргө катышууга жиберүүгө;

- зарыл болгон учурда Ишкананын ишин жүргүзүү үчүн белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын аймагында филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү түзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, менчик ээсинин макулдугу менен ага чарба жүргүзүү укугунда таандык болгон кыймылсыз мүлктү, жабдууларды, транспорт каражаттарын, инвентарларды жана башка материалдык баалуулуктарды юридикалык жана жеке жактарга келишимдик негизде берүүгө, ижарага берүүгө;

- авиациялык кырсыктарды иликтөөгө катышууга;

- белгиленген тартипте министрликтерге, ведомстволорго, уюмдарга, мекемелерге жана ведомстволук түзүмдүк бөлүмдөргө аба мейкиндигин пайдалануу жана аба кыймылын башкаруу маселелери боюнча иш-чараларды жана иштерди пландаштырууга, координациялоого, ишке ашырууга катышуу үчүн өз өкүлдөрүн жиберүүгө;

- өз укуктарынын чегинде Эл аралык жарандык авиация уюму (ИКАО) жана башка эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө, аба мейкиндигин пайдалануу, аба кыймылын башкаруу жана авиацияны метеорологиялык камсыздоого тийиштүү маселелер бөлүгүндө кызыкдар мамлекеттердин өкүлдөрү менен министрликтер, уюмдар, ишканалар жана мекемелер тарабынан өткөрүлүүчү сүйлөшүүлөргө катышууга;

- аба кыймылын башкаруу системасынын бүткөрүлгөн объекттерин жана метеорологиялык жабдууларды эксплуатациялоого кабыл алуу боюнча комиссиянын ишине белгиленген тартипте катышууга;

- министрликтерден, ведомстволордон, уюмдардан, ишканалардан жана мекемелерден аба мейкиндигин пайдалануу, башкаруу жана аба кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу менен байланышкан иштер жөнүндө ведомстволук актыларды, документтерди, маалымдама, статистикалык жана башка материалдарды, маалыматтарды суроого жана алууга, ошондой эле аба кыймылын тейлөөнүн чектеш борборлору менен аба кыймылын тейлөө боюнча макулдашууларга кол коюуга;

- аба мейкиндигин пайдалануу жана аба кыймылынын тейлөө маселелери боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана аткаруу үчүн кызыкдар министрликтердин, ведомстволордун, уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын (алар менен макулдашуу боюнча) өкүлдөрүн тартуу менен жумушчу топторду жана комиссияларды түзүүгө;

- ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык Ишкананын иш-аракеттеринин натыйжасында алынган мүлктү, финансылык каражаттарды жана кирешени тескөөгө;

- чет өлкөлүк окуу жайларда Ишкананын адистеринин квалификацияларын жогорулатууга, даярдоого жана кайра даярдоого;

- ушул Уставга ылайык өз иш-аракеттеринин натыйжасында алынган Ишкананын таза пайдасынын эсебинен Ишкананын резервдик капиталын, өнүктүрүү фондун түзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарынын талаптарына ылайык монополияга каршы жөнгө салуу жаатындагы

ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча өз кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди эсептөөгө жана аныктоого;

- ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык юридикалык жактардан улуттук же чет өлкөлүк валютада алынган кредиттик каражаттарды пайдаланууга;

- Ишкананын максаттарын камсыз кылуу үчүн Мамлекеттик агенттиктин макулдугу менен ишкананын окутуу-машыктыруучу, консалтингдик, маалыматтык, медициналык жана башка борборлорду белгиленген тартипте түзүүгө жана жоюуга;

- өзүнчө түзүмдүк бөлүмдөрүнө негизги иштерин аткаруу үчүн зарыл болгон негизги жана жүгүртүлүүчү каражаттардын бөлүгүн бекитүүгө;

- Кыргыз Республикасынын аэропортторунда учуу-конуулардын көлөмүн көбөйтүү максатында, транзиттик каттамдардын санын көбөйтүү үчүн, ошондой эле биринчи жолу ишмердүүлүгүн жүргүзүп жаткан авиакомпаниялар үчүн Ишкана Мамлекеттик агенттик менен макулдашуу боюнча каттамдарды аэронавигациялык тейлөө чөйрөсүндө көп деңгээлдүү тарифтик стимул берүү системаларынын механизмдерин иштеп чыгууга жана киргизүүгө укуктуу;

- Ишкананын белгиленген максаттарына жана милдеттерине ылайык ишти камсыз кылуу үчүн башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

18. Ишкана ушул Уставда аныкталган өзүнүн максаттарына жетүү жана милдеттерин, функцияларын ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Ишкана алар үчүн жумуштарды аткарган жана кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түзүлгөн келишимдер боюнча келишимдик милдеттенмелерди так аткарууга;

- Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык Ишкананын өздүк каражаттарынын эсебинен Ишкананын кызматкерлери аткарган иштерди каржылоону камсыз кылууга;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамдарына ылайык Ишкананын кызматкерлери үчүн коопсуз эмгек шарттарын камсыздоого жана алардын ден соолугуна жана эмгекке жөндөмдүүлүгүнө келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартууга;

- Ишкананын кызматкерлерин социалдык, медициналык жана милдеттүү камсыздандыруунун башка түрлөрүн камсыз кылууга;

- Ишкананын зарыл болгон отчетторун ыйгарым укуктуу органдарга өз убагында берүүгө, Кыргыз Республикасынын бюджеттик жана салык мыйзамдарында, мамлекеттик ишканалардын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында аныкталган тартипте жана өлчөмдө бардык милдеттүү төлөмдөрдү жана салыктарды төлөөгө;

- чарба жүргүзүү укугунда берилген мамлекеттик мүлктүн сакталышын камсыз кылууга.

19. Ишкананын кызматкерлери мамлекеттик, кызматтык жана мыйзам менен корголуучу башка сырды, анын ичинде Ишканада иштебей калгандан кийин да мамлекеттик сыр жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мезгил ичинде сактоого, кызматтык милдеттерин аткарууда белгилүү болгон жарандардын жекече турмушун, ар-намысын жана кадыр-баркын козгоочу маалыматтарды сыр катары сактоого милдеттүү.

## 4. Мамлекеттик агенттиктин компетенциясы

20. Мамлекеттик агенттиктин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- Уставга өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү же Уставды жаңы редакцияда бекитүү боюнча сунуштарды даярдоо;

- Ишкананы кайра уюштуруу жана жоюу боюнча сунуштарды уюштуруучуга киргизүү;

- Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планын бекитүү;

- Ишкананын жылдык бюджетинин долбоорун бекитүү;

- Ишкананын финансылык-чарбалык ишинин натыйжалуулугунун тармактык көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү;

- Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашырууну талдоо жана мониторинг жүргүзүү;

- Ишкананын башкы директору жана башкы директордун орун басарлары кызмат ордуна талапкерлер үчүн квалификациялык талаптарды бекитүү;

- Ишкананын башкы директору кызмат ордуна талапкерлерди Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына сунуштоо;

- фонддордун, ассоциациялардын (союздардын), коммерциялык эмес уюмдардын жана (же) коммерциялык юридикалык жактардын ишине Ишкананын катышуусун (мүчөлүгүн) макулдашуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык Мамлекеттик агенттиктин компетенциясына кирген башка маселелерди чечүү;

- төмөнкүлөргө баалардын прейскурантын бекитүү:

1) Кыргыз Республикасында катталган, эл аралык аба линияларында (ЭАЛ) рейстерди аткаруучу авиакомпаниялар үчүн Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин аба кемелерин аэронавигациялык тейлөөгө:

- Кыргыз Республикасынын аба трассаларында аба кемелеринин учууларын аэронавигациялык тейлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

- Кыргыз Республикасынын аэродромдорунун райондорунда аба кемелерин аэронавигациялык (диспетчердик) тейлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

- аба кемелерин лидирлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө (аба кемелерин турган ордунан баштап учуу-конуу тилкесине чейин жана андан кайра ордуна чейин коштоо);

2) Кыргыз Республикасында катталбаган, эл аралык аба линияларында (ЭАЛ) рейстерди аткаруучу авиакомпаниялар үчүн Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде аба кемелерин аэронавигациялык тейлөөгө:

- аба трассаларында аба кемелеринин учууларын аэронавигациялык тейлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

- аэродром районунда аба кемелерин аэронавигациялык (диспетчердик) тейлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

- аба кемелерин лидирлөө боюнча кызматтарды көрсөтүүгө:

3) "Кыргызаэронавигация" МИнин медициналык санитардык бөлүгү тарабынан дарыгердик-учуу эксперттик комиссиясы (ДУЭК) жана учуу алдында контролдоо боюнча медициналык кызматтарды көрсөтүүгө;

4) Кыргыз Республикасынын аба кемелеринин эксплуатанттарын авариялык кабарлоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө;

- "Кыргызаэронавигация" МИнин Окутуу-машыктыруу борбору тарабынан акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө баалардын прейскурантын макулдашууга.

21. Мамлекеттик агенттик төмөнкүлөргө укуктуу:

- Ишканага тейлеген иш чөйрөсүндөгү тармактык саясат маселелерине тиешелүү көрсөтмөлөрдү берүүгө;

- Ишканадан финансылык-чарбалык иштери жөнүндө маалыматтарды, финансылык (бухгалтердик) отчеттуулук документтерин, ошондой эле финансылык-чарбалык ишин жана Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планын талдоо үчүн зарыл болгон материалдарды, маалыматтарды жана түшүндүрмөлөрдү суроого жана алууга;

- өзүнүн компетенциясына кирген маселелерди чечүү үчүн Ишкананын аймагына кирүүгө;

- аткаруу органынын отчетторун угууга;

- мамлекеттик агенттиктин айрым ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну Ишканага жүктөөгө;

- Кыргыз Руспубликасынын Министрлер Кабинетине Ишкананын башкы директорун кызмат ордунан бошотуу, ага карата тартиптик жаза же сыйлоо чараларын колдонуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө.

Мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык башка укуктарга да ээ.

22. Мамлекеттик агенттик төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Ишкананы башкаруу органдарын өз убагында түзүүнү камсыздоого;

- Ишкананын ишине байланышкан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдеринин долбоорлорун демилгелөөнү жана илгерилетүүнү камсыз кылууга;

- Ишкананын жетекчилери жана кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу боюнча белгилүү болгон фактылар жөнүндө укук коргоо органдарына маалымдоого;

- коммерциялык же мыйзам тарабынан корголуучу башка сыр болуп саналган Ишкананын иши жөнүндө маалыматты үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого;

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын суроо-талабы боюнча Ишкананын иши жөнүндө маалыматтарды белгиленген тартипте берүүгө.

Мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган башка милдеттерди да аткарат.

## 5. Ишкананы башкаруу

23. Ишкананы Ишкананын башкы директору башкарат.

24. Башкы директор Ишкананын жетекчиси болуп саналат. Башкы директор Мамлекеттик агенттиктиктин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

25. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан Ишкананын жетекчиси кызмат ордуна дайындалган башкы директор Мамлекеттик агенттиктин жетекчиси менен үч жылдык мөөнөткө эмгек келишимин түзөт.

Ишкананын башкы директору эмгек келишимин түзгөндөн кийин өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууга киришет.

26. Ишкананын башкы директорунун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- Ишкананын учурдагы финансы-чарбалык ишин башкаруу;

- Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планын (бизнес-планын) ишке ашыруу;

- Мамлекеттик агенттиктин бекитүүсүнө келерки жылга Ишкананын бюджетинин долбоорун жана өткөн жылга бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту киргизүү;

- Ишкананын финансы-чарбалык иши жана өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын аткарылышы тууралуу ар кварталдык жана жылдык отчетторду даярдоо жана Малекеттик агенттикке берүү;

- тармактык саясат маселелери боюнча Мамлекеттик агенттиктин чечимдерин аткарууну уюштуруу;

- Мамлекеттик агенттик менен макулдашуу боюнча Ишкананын уюштуруу түзүмүн жана штаттык ыраатамасын бекитүү;

- кызматкерлерди жалдоо жана иштен бошотуу шарттарын, сый акы берүү жана материалдык сыйлоо тартибин, анын ичинен эмгек акы төлөө фондун бекитүү;

- кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитүү;

- бухгалтердик жана статистикалык эсепти жүргүзүүнү уюштуруу;

- филиалдардын жоболорун жана түзүмүн бекитүү, филиалдардын жетекчилерин кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу;

- Ишкананын Уставына ылайык башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу.

27. Ишкананын башкы директору төмөнкүлөргө укуктуу:

- Мамлекеттик агенттикке анын компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштар жана сунуштамалар менен кайрылууга;

- Ишкананын милдеттерине жана максаттарына, Уставына жана Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планына ылайык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү түзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ушул Уставда каралган тартипте Ишкананын мүлкүн тескөөгө;

- Ишкананын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик органдардан, ишканалардан, мекемелерден жана уюмдардан белгиленген тартипте зарыл болгон маалыматтарды суроого жана алууга;

- сот органдарында доогер жана жоопкер катары чыгууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык башка укуктарга.

28. Ишкананын башкы директору төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Мамлекеттик агенттиктин суроо-талабы боюнча Ишкананын финансы-чарбалык иши жөнүндө отчетторду, маалыматтарды, финансылык (бухгалтердик) отчеттук документтерди, ошондой эле Ишкананын финансы-чарбалык ишин жана өнүктүрүүнүн стратегиялык планын талдоо үчүн зарыл болгон материалдарды, маалыматтарды, сунуштамаларды жана түшүндүрмөлөрдү берүүгө;

- Мамлекеттик агенттиктин кароосуна чечим кабыл алууну талап кылган маселелерди киргизүүгө, ошондой эле аны Ишкананын бардык чөйрөдөгү ишине байланышкан зарыл болгон маалыматтар жана документтер менен камсыз кылууга;

- Ишкананын кызматкерлеринин эмгегин коргоону камсыз кылууга;

- Ишкананын кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу боюнча ага белгилүү болгон фактылар жөнүндө укук коргоо органдарына маалымдоого;

- коммерциялык же башка мыйзам менен корголуучу сыр болуп саналган Ишкананын иши жөнүндө маалыматтарды үчүнчү жактарга ачыкка чыгарбоого;

- Министрликтин суроо-талабы боюнча Ишкананын иши жөнүндө маалыматтарды белгиленген тартипте берүүгө.

Ишкананын башкы директору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган башка милдеттерди да аткарат.

29. Ишкананын башкы директорунун чечимдери буйрук түрүндө кабыл алынат.

30. Ишкананын башкы директору:

- Ишкананын атынан ишеним катсыз иш алып барат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, ишканаларында жана мекемелеринде Ишкананын кызыкчылыгын коргойт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик сатып алууларды өткөрүү жөнүндө чечимди кабыл алат;

- Ишкананын кызматкерлерин ишке кабыл алат жана бошотот;

- башкы директордун орун басарларынын укуктарын белгилейт;

- Ишкананын кызматкерлерине карата тартиптик жаза жана сыйлоо чараларын колдонот;

- өзгөчө айырмаланган кызматкерлерди белгиленген тартипте ведомстволук сыйлыктарга көрсөтөт;

- компетенциясынын чегинде Ишкананын бардык кызматкерлери үчүн аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, алардын аткарылышын контролдойт;

- Ишкананын кызматкерлерине ишеним кат берет;

- Ишкананын кызматкерлеринин эмгек өргүүлөрүнүн графиктерин бекитет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган ыйгарым укуктарынын чегинде Ишкананын финансы каражаттарын, мүлкүн жана башка активдерин тескейт жана Ишкананын бардык финансылык документтерине кол коёт;

- Ишкананын финансылык (бухгалтердик) отчетторунун абалы, финансы каражаттарынын, мүлкүнүн жана башка активдеринин максаттуу пайдаланылышы, өндүрүштө коопсуздук техникасынын сакталышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

- коррупцияны алдын алуу боюнча ички системаны түзүү, баш ийген кызматкер тарабынан мыйзамдардын талаптарынын жана кызматтык тартиптин сакталышына үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү аркылуу баш ийген кызматкерлердин аракеттери (аракетсиздиги) үчүн ошондой эле

аракетсиздиктин же зарыл чаралардын көрүлбөгөндүгүнүн натыйжасында мүмкүн болгон башка көрүнүштөр үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

31. Ишкананын башкы директору өзүнө жүктөлгөн функциялык милдеттердин талаптагыдай аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат.

32. Ишканада башкы директордун биринчи орун басары жана орун басары кызмат орундары каралган. Ишкананын башкы директорунун орун басарлары Ишкананын башкы директорунун сунушу боюнча Мамлекеттик агенттик тарабынан кызматка дайындалышат жана кызматтан бошотулушат.

33. Ишкананын башкы директорунун биринчи орун басары жана орун басары Мамлекеттик агенттиктин жетекчиси менен эмгек келишимин түзөт.

34. Ишкананын башкы директору ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулган учурда бош кызмат ордуна дайындалганга чейинки анын милдеттерин аткаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башкы директордун биринчи орун басарына же башкы директордун орун басарына жүктөлөт.

35. Ишкананын башкы бухгалтери Ишкананын башкы директору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат, түздөн-түз башкы директорго баш иет, ишканалардын (уюмдардын) башкы бухгалтерлери үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген укуктарды пайдаланат жана жоопкерчиликти тартат.

36. Ишкананын түзүмү жана штаттык ырааттамасы Мамлекеттик агенттиктик менен макулдашуу боюнча Ишкананын башкы директору тарабынан бекитилет.

37. Ишкананын башкы директору Ишкананын кызматкерлерине сый акы берүү тартибин аныктайт.

38. Ишкананын башка уюмдар, жалданма кызматкерлер, чарбалык иштин бардык чөйрөсүндөгү жарандар менен болгон мамилеси келишимдин негизинде түзүлөт.

39. Ишканада Ишкананын иши үчүн маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кароо жана кабыл алуу үчүн коллегия түзүлөт. Коллегия башкы директордун буйругу менен түзүлөт. Коллегиянын курамына башкы директор, башкы директордун орун басарлары, Ишкананын же филиалдардын жана өкүлчүлүктөрдүн башкы директор тарабынан дайындалуучу жети кызматкери, Мамлекеттик агенттиктин бир өкүлү (министр аныктаган) кирет. Коллегия жөнүндө жобо башкы директордун буйругу менен бекитилет.

40. Ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жамааттык келишимдин шарттарын сактоону камсыз кылат.

## 6. Ишкананын жетекчилик курамы

41. Ишкананын жетекчилик курамына төмөнкүлөр кирет:

- башкы директор, башкы директордун орун басарлары;
- башкы бухгалтер.

42. Ишкананын жетекчилик курамына кирген адамдар өз укуктарын ишке ашырууда жана милдеттерин аткарууда Ишкананын уставдык максаттарына жана милдеттерине ылайык мамлекеттин кызыкчылыгында иштөөгө тийиш.

Жетекчилик курамга кирген адамдар мамлекеттик, коммерциялык же башка мыйзам менен корголуучу сыр болуп саналган Ишкананын иши жөнүндө маалыматтын купуялуулугун сактоого милдеттүү.

43. Ишкананын жетекчилик курамына төмөнкүлөр кире алышпайт:

- чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар, кош жарандуулукка ээ адамдар, ошондой эле чет мамлекетте жашап турууга уруксаты бар Кыргыз Республикасынын жарандары;
- менчикке жана экономикалык ишти жүргүзүү тартибине каршы кылмыштар, коррупциялык жана мамлекеттик, муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы башка кылмыштар үчүн соттуулугу бар, анын ичинде соттуулугу жоюлган адамдар;
- мурда канааттандырарлык эмес иши үчүн уюмдун жетекчиси кызмат ордунан бошотулгандар;
- менчигинин түрүнө карабастан чарбалык субъектте мурда жетектөөчү кызмат ордун ээлеп, аны банкроттукка алып келген адамдар;
- мамлекеттик, административдик, саясий, атайын кызмат ордун, саясий жана административдик муниципалдык кызмат ордун ээлегендер.

Ишкананын жетекчилик курамына кирген адамдар кызмат ордун ээлеп турган мезгилде жеке өзү же ишенимдүү адамдары аркылуу ишкердик жүргүзүүгө, уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан коммерциялык юридикалык жактарды башкарууга катышууга укугу жок.

## 7. Эсепке алуу, пландоо жана отчеттуулук

44. Ишкана өз ишин Мамлекеттик агенттик менен макулдашылган жылдык иш планынын негизинде же 3 жана андан ашык жылга узак мөөнөттүү иш планынын негизинде жүргүзөт.

45. Ишкананын иш планынын негизин жеткирип берүүчүлөр, ижарачылар жана керектөөчүлөр менен болгон Ишкананын мамилелерин жөнгө салуучу узак мөөнөттүү жана башка келишимдер түзөт.

46. Ишкана келишимдин предметин өзү тандайт, милдеттенмелерди, Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына каршы келбеген

чарбалык өз ара мамилелердин бардык башка шарттарын өз алдынча аныктап алат.

47. Ишкана Кыргыз Республикасынын бухгалтердик эсеп жөнүндө мыйзамдарына ылайык бухгалтердик эсепти жүргүзөт жана финансылык отчет түзөт. Ишкананын финансылык отчету кварталдык негизде жана ар бир финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча түзүлүшү керек.

48. Ишкана квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки экинчи айдын 25ине чейин бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгы жөнүндө отчетторду Мамлекеттик агенттикке берет.

49. Ишкана өнүктүрүүнүн стратегиялык планына жана жылдык бюджетке ылайык финансы-чарбалык иштерин жүргүзөт.

Өнүктүрүүнүн стратегиялык планы Ишкана тарабынан үч жылдык мезгилге иштелип чыгат жана Мамлекеттик агенттик тарабынан бекитилет.

50. Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планы төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

- Ишкананын ишинин максаттарынын жана негизги багыттарынын формулировкасын;

- тармактын жана рыноктун баяндалышын, Ишкана өндүргөн товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) мүнөздөмөсүн;

- Ишкана өндүргөн товарлар (жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр) рыногунда мамлекеттин болуу зарылдыгынын негиздемесин;

- Ишкананын финансылык жана мүлктүк абалын баалоону;

- товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүү планын;

- уюштуруу планын;

- финансылык планын;

- тобокелдиктерди талдоону.

51. Жыл сайын 5-мартка чейин Ишкананын башкы директору Мамлекеттик агенттикке келерки жылга Ишкананын бюджетинин долбоорун жана финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгы, анын ичинде Ишкананын өткөн жылга бюджетинин аткарылышы тууралуу отчетту киргизет.

52. Ишкана компетенттүү мамлекеттик органдарга салык салуу жана жалпы мамлекеттик жыйымдар системасын жүргүзүүнү уюштуруу жана экономикалык маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды берет.

53. Маалыматка жетүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте суралган маалыматты берүүдөн баш тарткандыгы, толук эмес маалыматты бергендиги же аны бурмалагандыгы, ошондой эле отчетту бурмалагандыгы үчүн Ишкананын башкы директору Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жеке жоопкерчилик тартат.

54. Кызматтардын төмөнкү түрлөрүн көрсөтүүдө ички аба линияларында (ИАЛ) каттамдарды аткарган авиакомпаниялар үчүн Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде аба кемелерин аэронавигациялык тейлөөлөргө жыйымдардын негизги ставкаларынын чектүү деңгээли монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет:

- аба трассаларында аба кемелеринин учууларын аэронавигациялык тейлөө боюнча;

- аэродром районунда аба кемелерин аэронавигациялык (диспетчердик) тейлөө боюнча;

- аба кемелерин лидирлөө боюнча.

## 8. Ишкананын мүлкү жана финансы

55. Ишкана мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүү укугуна негизделген жана ага бекитилип берилген мүлккө менчик укугуна ээ эмес. Мүлктү пайдаланууга негиз болуп кыймылсыз мүлк объекттерине, негизги каражаттарга жана мамлекеттин менчиги болуп саналган жана Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган эрежелерди жана жол-жоболорду сактоо менен Ишкананын балансына өткөрүлүп берилген башка мүлккө чарба жүргүзүү укугу саналат.

56. Ишкананын мүлкүн негизги фонддор жана жүгүртүлүүчү каражаттар, ошондой эле наркы Ишкананын өз алдынча балансында көрсөтүлгөн башка материалдык баалуулуктар түзөт.

57. Ишкананын мүлкүн түзүүчү булактар болуп төмөнкүлөр саналат:

- чарба жүргүзүү укугунда Ишканага бекитилип берилген мүлк;

- мүлк, анын ичинде ага бекитилип берилген мамлекеттик мүлктү пайдалануунун натыйжасында алынган же сатып алынган кирешелер, продукциялар;

- чарбалык иштин натыйжасында алынган кирешелер;

- гранттар, банктардын жана башка кредиторлордун кредиттери;

- юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.

58. Ишкана тарабынан жеке финансы-чарбалык ишинен түшкөн кирешелердин же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жаңы түзүлгөн, алынган же сатып алынган мүлк мамлекеттин менчиги болуп саналат. Ишкана Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте мүлккө ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө (ижарага берүү) укугун уставдык максаттарына жана ишинин предметине ылайык жүзөгө ашырат.

59. Ишкананын мүлкүн ээликтен ажыратуу, ошондой эле аны чарбалык шериктештиктердин жана коомдордун уставдык капиталдарына

салым катарында киргизүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

60. Ишкана өзүнүн мүлкүн инвентаризациялоого жана инвентаризациялоонун жыйынтыгын Мамлекеттик агенттикке аныктаган тартипте жана мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

61. Ишкана жылдык финансылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча алынган таза пайданы төмөнкү максаттарга багыттайт:

- жабдууларды модернизациялоого;
- инфраструктураны өнүктүрүүгө;
- Ишкананы өнүктүрүү фондуна;
- кызматкерлерди материалдык жактан сыйлоого, окутууга жана квалификациясын жогорулатууга;
- резервдик капиталды түзүүгө;
- чет элдик валютаны, башка валюталык жана материалдык баалуулуктарды, баалуу кагаздарды сатып алууга;
- илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө, рыноктун конъюнктурасын, керектөөчүлөрдүн суроо-талабын, маркетингди изилдөөгө;
- Ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүн жарнамалоого;
- жаңы техникаларды жана технологияларды сатып алууга;
- кайрымдуулукка жана демөөрчүлүк жардам көрсөтүүгө;
- ишкананын кызматкерлери үчүн турак жайларды, коммерциялык жайларды же имараттарды жана курулмаларды пайда табуу максатында долбоорлоого, курууга.

## 9. Ишкананы кайра уюштуруу жана жоюу

62. Ишкананы бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп алуу, кайра түзүү формасында жүргүзүлөт.

Ишкананы бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп алуу, кайра түзүү формасында кайра уюштуруу жөнүндө чечим Мамлекеттик агенттиктин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынат.

"Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын атаандаштык жөнүндө мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте Ишкананы кайра уюштуруу жөнүндө чечим монополияга каршы орган менен алдын ала макулдашуу боюнча ишке ашырылат.

63. Ишкана мамлекеттик мекеме же чарбалык коом болуп кайра түзүлүшү мүмкүн.

64. Ишкана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте акцияларынын (үлүшүнүн) жүз пайызы мамлекеттин менчигинде

(акционерлештирүү) болгон ачык акционердик коом, жоопкерчилиги чектелген коом же жабык акционердик коом болуп кайра түзүлөт.

Ишкананы кайра түзүүнүн натыйжасында түзүлгөн чарбалык коом бардык укуктар жана милдеттенмелер, анын ичинде эмгек мамилелери жаатындагы укуктар жана милдеттенмелер боюнча анын укугун улантуучу болуп саналат.

65. Ишкана төмөнкүдөй учурларда жоюлат:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча;

2) соттун чечиминин негизинде.

66. Ишкананын иш процессинде пайда болгон документтер "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык пайдаланылат жана сакталат.